# PLITONIT C Мрамор Керамикалык плитка жана керамогранит үчүн желим




25 кг

4 кг

**Желимдин классы: C2 TE**

- ✓ **Мозаика, ак таш жана тунук плитка үчүн**
- ✓ **«Плитканын үстүнө плитка» чаптоо ыкмасына ылайыктуу**
- ✓ **Бассейндер үчүн сунушталат**
- ✓ **«Жылуу пол» тутумунда колдонууга төп келет**

PLITONIT Plitonit Deutsche Qualität

**ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ**

| | |
|---|---|
| **Ички колдонуу үчүн плиталардын эң көп өлчөму** | **1200 х 1200 мм** |
| **Сыртккы колдонуу үчүн плиталардын эң чоң өлчөму** | |

Башка тилдеги нускаманы жүктөп алуу/
Download the manual in another language
kz | az | uz | tj | kg | tm | am | ge | mn

## Колдонуу чөйрөсү

| Каптоонун түрлөрү | Пол | Дубал |
|---|---|---|
| Керамогранит | + | + |
| Керамикалык плитка | + | + |
| Клинкер плиткасы | + | + |
| Табигый жана жасалма таш | + | + |
| Мозаика жана тунук плитка | + | + |
| **Негиздин түрлөрү** | **Пол** | **Дубал** |
| Формасын өзгөртпөгөн негиздер: Бетон, темирбетон, уячалуу блоктор, кыш, цементтик шыбак жана башка Формасын өзгөртпөгөн негиздер негиздер | + | + |
| Түзүмдүк жана температуралык өзгөрүүлөргө дуушар болгон негиздер | — | — |
| ГКЛ, ГВЛ, СМЛ | + | + |
| Татаал: ЦСП, OSB | + | + |
| Өзгөчө татаал негиздер: «плитканын үстүнө плитка» төшөө, эски щелочко туруктуу сырлар менен капталган беттер | — | — |
| Гипс шыбактары, ПГП | + | + |
| Куйма полдор (бир нече курамдуу, цементтик) | + | — |
| **Жумуштун багыты** | **Пол** | **Дубал** |
| Орточо нымдуулуктагы бөлмөлөр | + | + |
| Нымдуулугу жогору бөлмөлөр | + | + |
| Тышкы иштер (имараттын сырткы бети, цоколь ж.б.) | + | + |
| Бассейндер | + | + |
| Жылуу пол тутуму (суу жана электр) менен шайкештиги* | + | + |

* «Жылуу пол» тутуму менен бирге плитка төшөө технологиясы тууралуу кененирээк маалыматты plitonit.ru сайтынан алсаңыз болот.

## Техникалык мүнөздөмөлөрү

| | |
|---|---|
| Толтуруучу бөлүкчөлөрүнүн эң чоң өлчөмү | 0,315 мм |
| Желим катмарынын эң чоң калыңдыгы | 10 мм |
| Суунун өлчөмү | |
| ● 1 кг аралашмага | 0,25-0,3 л** |
| ● 25 кг аралашмага | 6,25-7,5 л |
| Жылмышып кетүүгө туруктуулугу, ашык эмес | 0,5 мм |
| Байланыш аянты боюнча ачык иштөө убактысы, мүнөт | 30 мүнөт |
| Плитканын абалын оңдоп-түзөө убактысы, кем эмес | 30 мүнөт |
| Аралашманын ишке жарамдуулук мөөнөтү | 4 саат |
| Үстүнөн басуу жана тигиштерди шыбоо иштерин жүргүзүү убактысы, убакыттан кийин | 24 саат |
| Пайдалануу температурасы | -50°Стан +70°Cка чейин |
| Плитканын абалын оңдоп-түзөө убактысы, кем эмес | F150 |
| 28 сутка бою абада-кургак чөйрөдө кармагандан кийинки желимдүү биригүүнүн бекемдиги | ≥ 1,4 МПа |
| Суу чөйрөсүндө кармагандан кийинки желимдүү биригүүнүн бекемдиги | ≥ 1,2 МПа |
| Кезектешип тоңдуруп жана эритүүдөн кийинки желимдүү биригүүнүн бекемдиги | ≥ 1,2 МПа |
| Жогорку температурада кармагандан кийинки желимдүү биригүүнүн бекемдиги | ≥ 1,2 МПа |

** Полго төшөлүүчү жабууну төшөөдө суунун эң көп жол берилген көлөмүн колдонуу сунушталат; ал эми дубалга монтаждоодо орточо көрсөткүчүн колдонуу керек.

## Негизди даярдоо

| | |
|---|---|
| 1 | Негизди кирден, чаңдан, майлардан, ошондой эле ажырап түшүп жаткан нерселерден тазалаңыз. |
| 2 | Иштерди жүргүзүүдөн мурун негиз зарыл болгондо PLITONIT кыртышы менен иштетилиши керек (кыртышты тандоо таблицасы төмөндө келтирилген) |

Негиз СП 71.13330.2017 талаптарына жооп бериши жана жетиштүү жүк көтөрүү жөндөмүнө ээ болушу керек.
Каркастуу түрдөгү өзгөрүүгө дуушар болгон негиздер (кутулар, бөлгүч дубалдар ж.б.) ГКЛ, ГВЛ, СМЛден жасалган болсо, абдан катуу болушу жана СП 163.1325800.20 талаптарына шайкеш келиши керек.
ЦСП жана OSB беттери одоно чарык кагазы (наждак) менен тазаланып, чаңдап арылтып, кыртыш боёкторун тандоо таблицасына ылайык кыртыш катмары менен капталууга тийиш.
Эгер иштер «жылуу пол» тутуму орнотулган негизде жүргүзүлсө, анда иштерди баштоодон 2 сутка мурун «жылуу пол» тутумун өчүрүү сунушталат.

### Кадимки нымдуулуктагы жайларда негизге жараша кыртыш тандоо

| Негиздин түрү | PLITONIT Терең сиңүүчү кыртышы | PLITONIT 1 кыртышы | PLITONIT Т Бекемдөөчү кыртыш | PLITONIT БетонКонтакт |
|---|---|---|---|---|
| Бетон, темир-бетон | — | — | — | + |
| Цемент шыбактары, кыш, ЦПС, куйма полдор | + | 1:5 | — | — |
| Цементтүү гидроизоляция | + | 1:5 | — | — |
| Уюктуу негиздер (газобетон, пенобетон ж.б.) | — | — | 1:2 | — |
| Бошоң, үбөлөнмө жана борпоң негиздер | — | 1:2 | 1:2 | — |
| ГКЛ, ГВЛ, СМЛ, ЦСП, OSB | + | 1:5 | — | — |
| Гипс шыбактары, ПГП | Гипс шыбактарын каптоо үчүн PLITONIT WaterProof Standard же PLITONIT ГидроЭласт суу өткөрбөс мастикаларынан бөлүүчү катмарды түзүү сунушталат. | | | |

### Нымдуулугу жогору бөлмөлөрдө жана суу тийиши мүмкүн болгон аймактарда негизди даярдоо

| | |
|---|---|
| **Жуунуучу бөлмөнүн (ваннанын) дубалдары жана полдору** **Ашкана фартугу** | Негиздин түрү кандай болбосун, PLITONIT WaterProof Standard же PLITONIT ГидроЭласт мастикасы менен суу өткөрбөс 1 катмар коюлат |
| **Душ бөлмөсүнүн полу жана дубалдары** | Негиздин түрү кандай болбосун, PLITONIT WaterProof Standard же PLITONIT ГидроЭласт мастикасы менен суу өткөрбөс 2 катмар коюлат |

## Аралашманы даярдоо

**Кургак аралашманы даярдоо үчүн ичүүчү суу түтүгүнөн алынган сууну колдонуу керек.**

**Аралаштыруудагы катыш: 1 кг кургак желим аралашмага 0,25-0,3 л суу талап кылынат (25 кг үчүн 6,25-7,5 л)**

| | |
|---|---|
| 1 | Кургак аралашманы аралаштыруу үчүн бөлмө температурасындагы суунун керектүү көлөмүн өлчөңүз |
| 2 | Кургак аралашманы алдын ала өлчөнгөн суунун өлчөмүнө кошуңуз |
| 3 | Кургак аралашманы электр миксери же насадкасы бар электр бургу менен 2–3 мүнөт аралыгында бир тектүү коюу болгонго чейин аралаштырыңыз*** |
| 4 | Аралашманы 5 мүнөт тыныктырып, андан кийин кайра аралаштырыңыз |

*** айлануу ылдамдыгы 600 мүн/айл ашпоого тийиш

## Иштерди аткаруу тартиби

| | |
|---|---|
| 1 | Даяр суюк аралашманы текши шпателдин жардамы менен негизге бир калыпта сүйкөп, тиштүү шпатель менен тарак сымал түргө келтирүү керек* |
| 2 | Суюк аралашманы 30 мүнөт ичинде (ачык иштөө убактысы) плитка менен каптап үлгүрө тургандай аянтка гана сүйкөө зарыл |
| 3 | Плитканы желимдүү суюк аралашманын үстүнө коюп, бир аз айланма кыймылдар менен басып киргизүү керек (өлчөмү 600х600 мм чоң болгон плиталар үчүн атайын титирөөчү шаймандарды колдонуңуз) |

**Мозаикалык плитканы төшөө**

Бет тарабына кагаз негиз чапталган мозаиканы каптоодо мозаика барактары сүйкөлгөн желим аралашмасынын үстүнө бет тарабы менен салынат жана ар бир барактын бүткүл аянты боюнча резина шпатель менен бир калыпта түздөлөт. 8 сааттан кийин кагаз негизи нымдуу губка менен тазаланып сыйрылат. Мозаиканын бул түрү имараттын сыртын же суу тийип тура турган беттерди каптоодо сунушталат. Арткы тарабына кагаз же тор негизи чапталган мозаиканы каптоодо мозаика барактары желимге батырылып (чөктүрүлүп) төшөлөт, андан соң ар бир барактын бүткүл аянты боюнча резина шпатель менен бир калыпта түздөлөт. Мозаиканын мындай түрү имараттын ичиндеги суу тийбей турган беттерди каптоодо гана колдонулат. Мозаика плиткаларынын ортосундагы тигиштер мозаика чапталып бүткөндөн 8 сааттан кийин толтурулат.

**«Иштерди аткаруу тартиби» бөлүмүнө кошумча маалыматтар**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Шпателдин тишинин бийиктиги плитканын эң узун жагынын өлчөмүнө жараша эсептелет | | | |
| | Плитканын эң узун жагынын узундугу | 30 см чейин | 30 см-60 см чейин | 60 см ашык |
| | Шпателдин тишинин бийиктиги, мм | 6-8 мм | 10 мм | 12 мм |
| 2 | Плитканын арткы бетинин одур-бодурлуу бийиктиги 2 мм ашса же өлчөмү 30х30 см чоң болсо, плитканын астында боштуктардын пайда болушун алдын алып, жабышуу бекемдигин жогорулатуу үчүн желимди айкалышкан ыкма менен (негизге да, плитканын арткы бетине да) сүйкөө керек. Негизге желим жогоруда сүрөттөлгөндөй сүйкөлөт. Плитканын арткы бетине желим адегенде тишинин бийиктиги 2–4 мм болгон тиштүү шпатель менен сүйкөлүп, андан кийин тегиз шпатель менен плитканын бүткүл аянты боюнча бир калыпта түздөлөт. | | | |
| 3 | Плитка ачык тигиштер менен төшөлөт жана тийиштүү шаймандар: СВП (плитканы түздөөчү тутумдар), такачалар, кайчылаш шайман менен түздөлөт. | | | |
| 4 | Имарат ичиндеги өтмө шамал, жогорку температура, ошондой эле үстүңкү беттин сууну/нымды өзүнө тез сиңирип алуу касиети ачык иштөө убактысын жана оңдоп-түздөө убактысын кыскартат. | | | |

## Жумуш аткаруунун шарттары

Иш жүргүзүлүп жатканда жана андан кийинки 3 сутка аралыгында аба, негиз жана плитканын температурасы +5 ºСтан +30 ºСка чейинки чекте сакталууга тийиш. Иш жүргүзүлүп жатканда аралашманын температурасы +10ºСтан +30ºСка чейин болушу керек. Сыртта ишти аткарып жатканда катмарды атмосфералык жаан-чачындардан корголушу керек.

## Көңүл буруңуз

Капталган полдун үстүнөн басууга жана тигиштерин шыбоого 24 сааттан эрте эмес убакытта уруксат берилет. Жылытылуучу полдорду иштетүүгө жана нымга чыдамдуу гипсокартон (ГКЛВ) менен капталган беттерде андан аркы жумуштарды жүргүзүүгө плитка төшөлгөндөн кийин кеминде 3 суткадан кийин гана уруксат берилет.

Көрсөтүлгөн убакыт мүнөздөмөлөрү айлана-чөйрөнүн температурасы (20±2°С) жана абанын салыштырмалуу нымдуулугу (60±10)% болгон учурда жарактуу болуп саналат, ал эми башка температуралык жана нымдуулук шарттарында өзгөрүшү мүмкүн. Жумуштарды аткарууда жалпы курулуш иштерин жүргүзүү боюнча нускамаларга жана курулуштагы техникалык коопсуздук эрежелерине ылайык иш кылуу керек. Плитканы төшөөдөн мурун сууга чылабаш керек, плитканын арткы бетин чаңдан жана кирден тазалоо зарыл. Иш жүргүзүп жатканда аралашманы мезгил-мезгили менен аралаштырып туруу керек Чыгарылган жерине ж.б. жагдайларга байланыштуу аралашманын түсү бир партияда бөлөк, башка партияда бөлөк болушу мүмкүн. Аралашманын түсү өндүрүмдүн жарыяланган техникалык мүнөздөмөлөрүнө шайкеш келүүсүнө таасир этпейт.

## Сактык чаралары

| |
|---|
| **Бул аралашма ГОСТ 12.1.007 боюнча коопуулуктун 4-классына (көп коопуу эмес заттарга) кирет.** |
| **Жумуш учурунда кол каптарды, коргоочу көз айнектерди жана дем алуу органдарын коргоочу каражаттарды колдонуу керек.** |
| **Аралашма териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жууп салуу керек.** |
| **БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!** |

## Курамы

Портландцемент, кварц куму, функционалдык кошулмалар.

## Ташуу жана сактоо

Аралашманы жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык жабык транспорт каражаттарында ташуу керек. Кургак аралашма салынган баштыктарды жабык, кургак жайларда, таңгактын бүтүндүгү сакталган жана нымдан корголгон шарттарда сактоо керек. Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү: ташуу жана сактоо шарттары сакталган учурда өндүрүлгөн күндөн тартып 12 ай.

## Өндүрүүчүнүн кепилдиктери

Өндүрүүчү керектөөчү тарабынан ташуу, сактоо шарттары жана ушул нускаманын талаптары сакталган учурда аралашманын ГОСТ Р 56387, С2 ТЕ классы жана ТУ 23.64.10-101-51552155-2021 талаптарына шайкеш келе турганына кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмагынан ГОСТ 8.579-2002ге ылайык четтөөгө жол берилет. Өндүрүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилген (Аэфф<370 Бк/кг, НРБ-99/2009 СанПиН 2.6.1.2523–09 боюнча).

## Сарптоо

| Колдонулуучу шпателдин тиштеринин бийиктигине жараша материалдын сарпталышы | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Плитканын эң узун жагынын узундугу** | **20 см чейин** | **20 см-30 см чейин** | **30 см-60 см чейин** | **60 см ашык** |
| **Шпателдин тишинин бийиктиги, мм** | 6 | 8 | 10 | 12 |
| **1 м² аралашманын сарпталышы, кг** | 3,98 | 5,3 | 6,63 | 7,95 |
| **25 кг желим колдонулгандагы төшөлгөн плитканын аянты, м²** | 6,3 | 4,7 | 3,8 | 3,1 |

**КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮ КОЛДОО КЫЗМАТЫ**

8 (800) 555 - 71 - 67

www.plitonit.ru

e-mail: info@mc-bauchemie.ru